Тиркеме
Майлуу-Суу шаардык Кеңешинин
2022-жылдын 15-апрелиндеги
№ 8-9-6 токтомуна

**Майлуу-Суу шаарында үй-бүлөлүк салтанаттарды, маркумду акыркы сапарга узатуу жана маркумду элесине арналган иш-чараларды өткөрүүнү тартипке келтирүү жөнүндө**
**ЖОБО**

## 1. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

1.1. Ушул Жобо Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 24-февралындагы «Үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү үрп-адаттарын тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө» №54-жарлыгына ылайык, жергиликтүү калктын өзгөчөлүгүн жана салтын эске алып иштелип чыккан, жергиликтүү жамааттын жыйынында кабыл алынган эрежелерди камтыйт.

1.2. Жобонун максаты жарандардын социалдык кызыкчылыктарын коргоо жана жарандардын экономикалык кызыкчылыктарына жана жашоосундагы моралдык бекемдигине олуттуу зыян алып келүүчү ашыкча чыгашаларга жол бербөө боюнча чараларды белгилөө, ошондой эле шаар тургундарынын экономикалык жана социалдык жашоо деңгээлин жогорулатуу, ырым-жырымдарды, үрп-адаттарды жана коомдун руханий абалына терс таасирин тийгизүүчү башка иш-чараларды өткөрүүдө ысырапкорчулукту болтурбоо.

1.3. Жобонун милдеттери үйлөнүү той, үй-бүлөлүк салтанаттарды, маркумду акыркы сапарга узатуу жана маркумдун элесине арналган иш-чараларды өткөрүүнү, ошондой эле калктын, өзгөчө жаштардын алардын маңызын жана барктуулугун туура түшүнүүнү калыптоону тартипке келтирүү болуп саналат.

1.4. Ушул Жобонун таасири Майлуу-Суу шаарындагы мамлекеттик органдарга, ведомстволук караштуулугу жана менчик формаларына карабастан уюмдарга, мекемелерге, ишканаларга жана өзгөчө мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын саясий, атайын жана административдик кызмат адамдарына, ошондой эле алардын социалдык абалына жана улуттук таандыгына карабастан бардык жеке адамдарга, анын ичинде чет өлкөлүк жарандарга жана жарандыгы жок адамдарга жайылтылат.

## 2. КААДА-САЛТТАРДЫ, САЛТАНАТТАРДЫ ТАРТИПКЕ КЕЛТИРҮҮ БОЮНЧА КОМИССИЯ ЖАНА АЛАРДЫН ЫЙГАРЫМ УКУКТАРЫ

**2.1. Үй-бүлөлүк салтанаттарды, маркумду акыркы сапарга узатуу жана маркумдун элесине арналган иш-чараларды өткөрүүнү тартипке келтирүү үчүн жооптуу комиссия**

2.2. Жоопту комиссиялардын мүчөлөрү Майлуу-Суу шаарынын Мэринин буйругу менен бекитилет жана ушул Жобонун талаптарын аткарууну жүзөгө ашырат.

**2.3.** Үйлөнүү той, үй-бүлөлүк салтанаттарды, маркумду акыркы сапарга узатуу жана маркумдун элесине арналган иш-чараларды өткөрүүнү тартипке келтирүү үчүн жооптуу комиссия төмөнкү ыйгарым укуктарга ээ:

— Үй-бүлөлүк салтанаттарды, маркумду акыркы сапарга узатуу жана маркумдун элесине арналган иш-чараларды ушул Жобонун талаптарына жана башка ченемдик укуктук актыларга ылайык өткөрүүнү контролдоону жүзөгө ашырат;

— Үй-бүлөлүк салтанаттарды, маркумду акыркы сапарга узатуу жана маркумдун элесине арналган иш-чараларды өткөрүү боюнча мамлекеттик органдардын жана коомдук бирикмелердин ортосунда өз ара аракеттенүүнү камсыз кылуу жана калктын арасында агартуучулук жана үгүттөөчүлүк иштерди уюштуруу;

— Үй-бүлөлүк салтанаттарды, маркумду акыркы сапарга узатуу жана маркумдун элесине арналган иш-чараларды өткөрүү боюнча Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларды аткарууну талап кылуу.

— Ушул жобонун талаптарын аткарбаган учурда, жоопту комиссия Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын негизинде чара көрөт жана түшүндүрүү иштерин жүргүзүшөт.

## 3.ҮЙ-БҮЛӨЛҮК САЛТАНАТТАРДЫ, МАРКУМДУ АКЫРКЫ САПАРГА УЗАТУУ ЖАНА МАРКУМДУН ЭЛЕСИНЕ АРНАЛГАН ИШ-ЧАРАЛАРДЫ ӨТКӨРҮҮ

3.1. Үй-бүлөлүк салтанаттарга үйлөнүү тою (кыз узатуу), бешик тою, тушоо кесүү тою, балдарды сүннөткө отургузуу, куда тосуу, айт майрамдары туулган күн тосуу, ж.б. салтанаттары кирет.

3.2.Мекемелердин жана уюмдардын түзүлгөн күнүн, ошондой эле маарекелерди жана мамлекеттин жана коомдун алдында жогорку эмгек сиңирген адамдарды эскерүү күндөрүн мамлекеттик деңгээлде майрамдоо Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин тарабынан белгиленген тартипке ылайык жүзөгө ашырылат.

3.3. Үйлөнүү той, кыз узатууда 200-250гө чейинки адамды чакыруу менен жүргүзүлөт жана бир күндүн ичинде өткөрүлөт.

3.4 Жарандык абалдын актыларын каттоо органдарында никелешүүнү мамлекеттик каттоо салтанаты үчтөн ашык эмес жеңил автомашинасын колдонуу менен өткөрүлөт.

3.5 Үйлөнүү той, үй-бүлөлүк салтанаттар эс алуу күндөрү саат 8.00ден 23.00гө чейин, ал эми жумушчу күндөрү саат 22.00гө чейин жүргүзүлөт.

3.6. Үйлөнүү той, үй-бүлөлүк салтанаттарды өткөзүүдө себет алып баруу, кийит-кийгизүүлөргө тыюу салынат жана кызга калың, сеп берүүдө ысырапкерчиликти болтурбоо үчүн көп чыгым кылбоого сунушталат.

3.7. Кыз-күйөөгө өкүл ата белгилөөдө көптөгөн себет жана кийим, кийит кылууга тыюу салынат.

3.8. Салтанаттарды (бешик той, тушоо кесүү тою, балдарды сүннөткө отургузуу, үй той, куда тосуу, туулган күнүн белгилөө, сыйлык, чин, наам, илимий жана кесиптик даража алганын белгилөө, классташ, бир туугандар, жоролор, бажалар, кудалар, келиндер, аялдар отуруштары, мектепти, окуу жайды аяктаганына 5-10-20 жылдык кечелер, ажыга баруу жана келгендеги той, балага акыйка өткөрүү) ири деңгээлде тойканаларда, ресторандарда жана чайканаларда өткөрүүгө тыюу салынат. Аталган салтанаттар үй-бүлөлүк деңгээлде тар чөйрөдө өткөрүлөт.

**4. Маркумду акыркы сапарга узатуу жана маркумдун элесине арналган иш-чаралар**

4.1. Маркумду акыркы сапарга узатуу катышуучулардын санын чектөөсүз жана ири мүйүздүү мал, жылкы жана башка мал жандыктарды союусуз өткөрүлөт.

4.2. Маркумду акыркы сапарга узаткандан 3 күндөн кийин маркумдун элесине, кайрымдуулук катары(ихсан) өткөзүүгө уруксат берилет жана койдон башка бодо мал жана жылкы союуга тыюу салынат.

4.3. Маркумдун элесине арналган иш-чараларды бейшембилик, кыркытык жылдык өткөрүүгө, маркум узатылган жерде элге союш соуп, баштык көтөрүп чыгуу (пакет), себет, кийит-кийгизүү жана башка чыгымдарга тыюу салынат жана ошондой эле, Ак кийди, көк кийди ырым жырымдары жана каада өткөзүүдө союш союуга катуу тыюуу салынат.

4.4. Ашыкча ырым-жырымдарды болтурбоо максатында маркумдун жаткан жери курчалбоого тийиш, эстелиги 70х50 см ашырылбай жана маркумдун сүрөтүн койгонго тыюу салынат.

**5. Үй-бүлөлүк салтанаттарды, маркумду акыркы сапарга узатуу жана маркумдун элесине арналган иш-чараларды өткөрүүгө талаптар**

5.1. Үйлөнүү той, үй-бүлөлүк салтанаттарды, маркумду акыркы сапарга узатуу жана маркумдун элесине арналган иш-чараларды өткөрүү турак үйлөрдүн аянттарында (короолорунда), жеке үйлөрдө же ресторандарда, кафелерде, ашканаларда жана үлпөт залдарында коомдук тартиптин талаптарын сактоо менен өткөрүлөт.

**6. Үйлөнүү той, үй-бүлөлүк салтанаттарды, маркумдарды акыркы сапарга узатуу жана маркумдардын элесине арналган иш-чараларды өткөрүүдө милдеттенмелер**

6.1. Жеке жана юридикалык жактар үйлөнүү той, үй-бүлөлүк салтанаттарды, маркумдарды акыркы сапарга узатуу жана маркумдардын элесине арналган иш-чараларды ушул Жобонун талаптарын сактоо менен өткөрүүгө жана жооптуу комиссияга маалымдоого милдеттүү.

6.2. Майлуу-Суу шаарында ар бир жашоочу ушул Жобонун талаптарын бузуп жана өз билемдик менен ысырапчылык кылып жободо көрөсөтүлгөн чектөөлөрдү аткарбаган учурда Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларында белгиленгенден тартып чара колдонулат.

**Шаардын мэри** **Н. Умаров**